# ФИЛОСОФИЯДАГЫ «БААЛУУЛУК» КАТЕГОРИЯСЫ ЖАНА АНЫН АЗЫРКЫ ГУМАНИТАРДЫК ИЗИЛДӨӨЛӨРДӨГҮ МААНИСИ

**ЖАНТАЕВ А.С.**
biblionsu@rambler.ru

*Макалада философиялык «баалуулук» категориясынын маани-маңызы ачылат, азыркы күндө гуманитардык изилдөөлөрдө, алсак, адабияттаануучулук изилдөөлөрдө баалуулук категориясына маани берүү зарыл экени белгиленет.*

Баалуулук проблемасы ар башка мектептердин өкүлдөрү болушкан жана түрдүү көз караштарды тутунушкан көптөгөн философтор менен окумуштууларды илгертен түйшөлтүп келген. Баалуулук – жетишерлик шарттуу түшүнүк, бирок ал дайыма «кимдир-бирөөнүкү», башкача айтканда белгилүү бир топко же маданиятка тийиштүү конкреттүү инсан үчүн баалуулук. В.А.Канке аны төмөнкүчө мүнөздөйт: «Адам үчүн ага эмне белгилүү бир маанилүүлүккө, инсандык же коомдук мааниге ээ болсо, ошонун баары баалуулук болуп эсептелет» [1, 201-б.]. Ага берилген дагы бир туюнтма мына мындай: «Баалуулук – адам жана коом үчүн айлана-чөйрөдөгү объектинин (жаратылыш жана коомдук турмуштун кубулуштарында кездешүүчү жыргал, жакшылык жана кара санатайлык, сылыктык жана оройлук, сулуулук жана көрксүздүк ж.б.) оң же терс маанисин ачуучу өзгөчө социалдык аныктама» [2, 375-б.]. «Баалуулукту» инсандын керектөөлөрүнүн, каалоолорунун жана умтулууларынын, оң бааларынын жана көз караштарынын объектиси катары түшүнүүгө болот. Анда физикалык объект, инсан, институция, идея, ишмердүүлүктүн түрү, социалдык мамиле ж.б. баалуулук боло алышат. Адамзаттык баалуулуктар өтө ар кыл болушат, жашоонун, ишмердүүлүктүн жана алардын натыйжаларынын эң түрдүү аймактарын камтышат.

Адамдын баалуулуктарынын шкаласы — анын инсанынын өзөгү. Баалуулуктар адамдын бир нерсеге муктаждыгын гана эмес, социалдык салыштыруу процессин да чагылтышат. Адамдар өз керектөөлөрүн жөн гана сезишпестен, аларды аңдашат да, аңдашып, өзүн башкаларга салыштырышат. Өзүн башкаларга салыштырып баалоо — баарынан мурда бир социалдык баскычта тургандарга — өзүн реализациялоого жана өзүн бекемдөөгө умтулууну берет.

Социалдык баалуулуктар – реалдуу турмуш чындыгынын коомдун, социалдык топтун, инсандын керектөөлөрүнө шайкештигине же шайкеш эместигине жараша ишке ашырылышы.

Социалдык баалуулуктар – тар мааниде – адамзат маданияты иштеп чыккан жана коомдук аңсезимдин жемиши болуп саналышкан адеп-ахлактык, эстетикалык талаптар. Алар адамдын жүрүм-турумуна тикелей таасир кылышат. Жүрүм-турум — адамдын башка адамдар да байкай алуучу, атап айтканда алардын катышуусунда ишке ашырылуучу кыймыл-аракеттеринин, актыларынын жыйындысы. Ишмердүүлүк, жүрүм-турумдан айырмаланып ички жана тышкы боло алат. Жүрүм-турум экинчисине гана тийиштүү болот. Жүрүм-турум — ишмердүүлүктүн көрүнүшүнүн тышкы формасы, б.а. ал анын аспектилеринин бири гана. Ошондуктан жүрүм-турум ачык, көрүнөө гана боло алат деп айтышат. Жүрүм-турум — түздөн-түз байкалуучу ишмердүүлүк.

Ишмердүүлүк менен жүрүм-турумду салыштырып, айырманы байкоо кыйын эмес. Ишмердүүлүк аң-сезимдүү максаттарды жана пландаштырылган аракеттерди камтыйт. Ал тышкы стимул функциясын аткаруучу кандайдыр бир сыйлык үчүн, мисалы, эмгек акы, калем акы, кызматынан жогорулоо үчүн аткарылат. Жүрүм-турум максатты башкы, аныктоочу элемент катары карабайт. Көбүнчө ал эч кандай максатты көздөбөйт. Бирок жүрүм-турумда каалоолор менен күтүүлөр, керектөөлөр менен мотивдер бар. Стимулдардан айырмаланып, мотивдер тышкы эмес, ички козгоочуларга киришет [3, 505-б.].

Социалдык жандык катары адам ушундай түзүлгөн, анын көрүү талаасына туш болгондун баары анын ишмердүүлүгүнө тартылат, мааниге ээ кылынат. Маани – бул адамдын социалдык чөйрөсүн, алардын маанилүүлүгү менен ролун түзүүчү мазмун.

Социалдык баалуулуктар — бул индивидуалдуу, топтук же коомдук керектөөлөрдү канааттандырууга чакырылган нерсе. Баалуулуктар менен керектөөлөр тыгыз байланышканы ачык-айкын, бул бүтүндүн эки кыры. Эгер керектөө — адамдын ичинде жаткан ойготуучу күч болсо, анда баалуулук бул керектөөнү канааттандырган жана тышта жаткан объектилерди белгилейт.

Баалуулуктардын адам коомундагы ролу зор. Алар эң эле ар түрдүү функцияларды аткарышканы таңгалычтуу эмес. Алар адамдардын социалдык мамилелерин жана өз ара катнаштарын жөнгө салышат, жана бул сапатта аларды баалуулуктар-регуляторлор деп атоого болот. Баалуулуктар өзүн коомдун бүтүндүгүн камсыздоочу фундаменталдуу ченемдер катары да көрсөтүшөт. Ошондуктан аларда экинчи өзгөчөлүк — баалуулуктук ченемдер болуу да бар. Баалуулуктардын башкы кызматтарынын бири — жүрүм-турум мотиви болуу. Адам эмнеге муктаж болсо, эмнени бааласа ошону табууга умтулат, буга шайкеш жүрүм-турумун конкреттүү баалуулуктарга багыттайт, болгондо да аң-сезимдүү түрдө. А бул болсо жүрүм-турум мотиви болуу касиетинин өзү. Ошентип, баалуулуктар, керектөөлөр жана мотивдер бир бүтүнгө чырмалышкан [4, 38-46-бб.].

Адам баалуулуктарынын шкаласы — анын инсанынын өзөгү. Биз адамды ал кандай баалуулуктарга багыт алганына, жана ал тандаган баалуулуктар коом эң маанилүү деп эсептегендер менен дал келгенине жараша инсан катары мүнөздөйбүз. Баарынан мурда – бул этикалык жана диний баалуулуктар. Алар коомдук баалуулуктар шкаласынын жогорку бөлүгүн ээлешет. Жаныбарларда баалуулуктар жок, жана алар наристеде иш жүзүндө жок болот. Демек, алар биологиялык мурасталбайт. Алар коомдо — социализациянын жүрүшүндө ээ болунат. Адам чоңоёт, анын баалуулуктар системасы калыптанат. Баалуулуктардын өнүккөн системасы — туура социализациянын натыйжасы, анын өбөлгөсү эмес.

Баалуулуктар — социалдык салыштыруунун механизми гана эмес, анын натыйжасы, маданияттын элементтерин тартиптештирүү ыгы да болушат.

Адам маданияты идеялар, ченемдер, адаттар, эрежелер жана керек болсо материалдык эстеликтер да катаал тартиптешкенине негизделет. Башкача айтканда, алардын бири башкасы тарабынан артык көрүлөт. Аныктоосуз баалуулуктарды маанилүүлүк даражасы боюнча рангалоо, тартиптештирүү жок.

Артык көрүү – бул социалдык жыргалчылыктарды приоритеттүүлүгү боюнча тизмектөөнүн субъективдүү процесси.

Эгер адамды табият программаласа, анда баалуулуктар эч качан пайда болмок эмес. Башка жагынан, эгер аны коом программаласа, анда адамда баалуулуктардын бир өлчөмдүү шкаласы түптөлмөк. Адамдын мындай кырдаалдагы жүрүм-туруму жеңил прогноздолот. Ал өз тандоосунда жана өз аракеттеринде олку-солку болбойт, анткени аны тандоо эркиндигинен ажыратышкан.

Нормалдуу коомдо индивидуалдуу баалуулуктардын шкаласы катуу бекитилген эмес. Бул баалуулуктар бир деңгээлден башкасына дайыма өтүп турушат, бир деңгээлде дароо бир нече альтернативдүү баалуулуктар жайгаша алышат дегендик. Бул тандоо эркиндигине ылайык келүүчү, ачык, демократиялык коом сунуштаган индивидуалдуу баалуулуктардын көп өлчөмдүү шкаласы [5].

«Баалуулуктук түшүнүктөр» жана «баалуулуктар» терминдери психологиялык адабияттарда көбүнчө аралашышат: же биринчилерин өзүнчө кызыгуу жаратпаган экинчилеринин күзгүдөгүдөй чагылышы катары карашат, же экинчилерин биринчилерге туура келтиришет.

Баалуулуктар кубулуштардын үч айырмалуу топторуна сөзсүз ылайык келишет. Баалуулуктардын жашоосунун үч формасы бар:

1) коомдук идеалдарда – коомдук аңсезим иштеп чыккан жана анда катышышкан коомдук турмуштун түрдүү сфераларындагы кынтыксыздык тууралуу жалпыланган түшүнүктөрдө;

2) бул идеалдардын конкреттүү адамдардын иштеринде же чыгармаларында предметтик жүзөгө ашырылуусунда (мисалы, көркөм адабиятта);

3) инсандын ишмердүүлүгүндө аны коомдук баалуулуктук идеалдарды предметтик жүзөгө ашырууга түртүүчү мотивациялык түзүлүштөрүндө («тийиштүүнүн үлгүлөрүндө»).

Жашоонун бул үч формасы бири экинчисине өтүп турушат. Бул өтүүлөрдү жөнөкөйлөнтө төмөнкүчө элестетүүгө болот: коомдук идеалдар инсан тарабынан өздөштүрүлөт жана «тийиштүүнүн

үлгүлөрү» сапатында аны активдүүлүккө түртө башташат, ушул процессте алардын предметтик жүзөгө ашуусу болуп өтөт; предметтик жүзөгө ашырылган баалуулуктар болсо, өз кезегинде, коомдук идеалдарды калыптандыруу үчүн негиз болуп калышат, ж.б.у.с. чексиз спираль боюнча. Адамдын мотивациясынын түзүлүшү менен функция аткаруусунун психологиялык үлгүсү жана анын социогенез процессинде өнүгүшү инсандык баалуулуктарды функционалдык жактан керектөөлөргө эквиваленттүү индивидуалдуу мотивациянын булактары катары түшүнүүнү конкреттештирет [6, 364-б.].

Баалуулуктарды жүрүм-турумга алардын аң-сезимде чагылуусунан көз карандысыз таасир кылышкан индивиддердин ишмердүүлүгүнүн реалдуу аракеттенүүчү имманенттүү регуляторлору катары таануу алар менен мазмуну боюнча да, психологиялык табияты боюнча да дал келбеген аң-сезимдүү ынанымдардын же субъекттин өзүмдүк баалуулуктары жөнүндө түшүнүктөрүнүн болушун танбайт.

Баалуулуктук багытталууларды субъекттин өзүмдүк баалуулуктары, ал үчүн баалуу – ар кандай вербалдык методдордун, социологиялык да, психологиялык да, жардамы менен аныкталуучу, тууралуу аңдалган түшүнүктөрү катары аныктайбыз. Баалуулуктук түшүнүктөр, бирок, баалуулуктук багытталууларга толугу менен дал келе албайт, алардын ортосундагы бардык мүмкүн болгон дал келбөөлөр менен инсандын чыныгы баалуулуктарын эске алганда да. Үстүрт феноменологиялык анализ эле ар кандай адамдын аң-сезиминде баалуулуктук багытталуулар (ББ) менен катар эң эле ар түрдүү баалуулуктук түшүнүктөр бардыгын көрүүгө мүмкүндүк берет. Алардын эң маанилүүлөрүн атайбыз, бирок бул классификация толук дей албайбыз.

Баарынан мурда, индивиддин жана ал тийиштүү болгон социалдык топтун (кеп референттик топ жөнүндө жүрсө да, жана баалуулуктардын бул эки системасы жалпысынан жакшы макулдашылгандыгы менен айырмаланышса да) баалуулуктук системаларынын ачык эле дал келбөөсү фактысынан чыгып, ошондой эле индивиддин топтун же коомдун ченемдик (социалдык каалanган) баалуулуктарын репрезентациялоо жөндөмдүүлүктөрүнөн чыгып, баалуулуктук түшүнүктөрдүн баалуулуктук стереотиптер (БС) өндүү категориясын ажыратабыз. БС түпкүлүгүндө, адамдан ал же бул социалдык топтор же жалпы коом талап кылган жана ал аңдаган күтүүлөрдү чагылтышат. Бир адамдын аң-сезиминде бир учурда түрдүү социалдык топтордун бир нече БС чагылышы мүмкүндүгүн эске алуу керек. Муну менен бирге түрдүү социалдык топтордун баалуулуктар системаларын кабыл алуунун дифференциялуулук даражасында чоң индивидуалдуу айырмачылык бары ачык-айкын.

Баалуулуктук түшүнүктөрдүн дагы бир категориясы катары биз баалуулуктук идеалдарды (БИ) ажыратабыз. «Баалуулуктук идеалдар» айкалышы бир караганда тавтологияны эске салат, анткени баалуулукту аныктоодо биз «идеал» түшүнүгүнө таянганбыз. БИ түшүнүгүнүн мааниси адам өзүмдүк баалуулуктук регуляциянын пассивдүү объектиси эмес, а өзүмдүк баалуулуктарын баалоого жана кыялында баалуулуктарга карай бүгүнкүдөн айырмаланган өзүмдүк кыймылдарын долбоорлоого жөндөмдүү субъект болуп саналганында жатат. Иерархиясы адам үчүн өзүмдүк «Мениnен» алагдылантылган инсандык баалуулуктардын өзүн мүнөздөгөн БИ субъекттин баалуулуктарынын идеалдуу түпкү багытталуулары (анын түшүнүгүндө) катары чыгышат. БИ менен катар адамдын конкреттүү келечектеги (5, 10, 20 жылдан кийин) өз баалуулуктары жөнүндө түшүнүктөрүн чагылткан жана ББ менен БИ ортосундагы өзүнчөлүктүү аралыктык чекит болуп саналган баалуулуктук перспектива жөнүндө да айтууга болот. Баалуулуктук ретроспектива – субъекттин кандайдыр-бир мезгил арттагы өз баалуулуктары тууралуу түшүнүгү да болот. Баалуулуктук түшүнүктөрдү түркүмдөргө ажыратуу феноменологиялык анализге гана эмес, эмпирикалык изилдөөлөргө да негизделген [6, 372-б.]. Бул түркүмдөрдү бир эле вербалдык методикаларды толтурууга ар түрдүү инструкциялардын жардамы менен эмпирикалык дифференциялоого болот. Баалуулуктук түшүнүктөр категориясына ошондой эле конкреттүү адамдардын, мейли саясий лидерлер же жөн гана тааныштар болсун, баалуулуктар системалары тууралуу түшүнүктөрү да киришет. Тажрыйба көрсөткөндөй, башка адамдын баалуулуктар системасын кайра түзүү милдети чоң кыйынчылык жаратпайт, бул кайра түзүүнүн адекваттуулук

даражасы маанилүү айырмаланса да. Кандай болгондо да, баалуулуктук түшүнүктөрдү жана алардын түрлөрүн калыптандырууга таасир кылуучу факторлордун көп түрдүүлүгү эмпирикалык иликтөөнү аябай кызыктуу кылат.

Тиби жана деңгээли боюнча баалуулуктардын ар кандай классификациясы ага социалдык жана маданий маанилер киргизилгендиктен шексиз шарттуу. Анын үстүнө өзүнүн көп маанилүүлүгүнө ээ ал же бул баалуулукту (мисалы, үй-бүлө) белгилүү бир графага коюу оор. Антсе да баалуулуктардын төмөнкү шарттуу тартиптештирилген классификациясын берүүгө болот.

Виталдык: өмүр, ден соолук, денелүүлүк, коопсуздук, байгерчилик, адамдын абалы (токтук, тынчтык, сергектик), күч, чыдамкайлык, жашоо сапаты, табият чөйрөсү (экологиялык баалуулуктар), практикалуулук, керектөө ж.б.у.с.

Социалдык: социалдык абал, эмгекчилдик, байлык, иш, үй-бүлө, биримдик, патриотизм, чыдамдуулук, дисциплина, тапкычтык, тобокелге ынтаалуулук, социалдык теңдик, жыныстардын теңдиги, ийгиликтерге жөндөмдүүлүк, жеке көз карандысыздык, профессионализм, коом турмушуна активдүү катышуу, өткөнгө же келечекке багытталгандык, экстралокалдык же жердешчилдик багытталгандык, керектөө деңгээли.

Саясий: сөз эркиндиги, жарандык эркиндиктер, жакшы башкаруучу, мыйзамдуулук, тартип, конституция, жарандык тынчтык.

Моралдык: жакшылык, жыргалчылык, сүйүү, достук, милдет, намыс, чынчылдык, кеңпейилдик, тартиптүүлүк, ишенимдүүлүк, өз ара жардам, адилеттүүлүк, улууларды сыйлоо жана балдарды сүйүү.

Диний: Кудай, кудайлык мыйзам, ишеним, кутулуу, кут, ритуал, Ыйык Жазуу жана Уламыш.

Эстетикалык: сулуулук (же, тескерисинче, ажарсыздык эстетикасы), стиль, гармония, салтты ээрчүү же жаңылык, маданий өзүнчөлүктүүлүк же тууроо.

Көрсөтүлгөн категориялар боюнча бөлүштүрүү шарттуу экенин жана бир эле баалуулуктар түрдүү сфераларда кабыл алынышы мүмкүн экенин эске алып, алардын айрымдарын кыйла кенен карайбыз,

*Үй-бүлө, бир туугандар, улуу муун.* Бардык маданияттарда бул социалдык элементтерге көп же аз сыйлоо деңгээли бар, ал адамдардын жүрүм-турумунан (кичүүлөрдүн улууларды сыйлоосу) да, кайрылуу формаларынан да көрүнөт.

Азиялык жана африкалык маданияттарда жаш курак адатта даанышмандыктын жана тажрыйбанын белгиси катары урматталат да, маданияттын өзөктөрүнүн бири болот. Индивиддин идентификациясы аны бабалары менен идентификациялоодо жүзөгө ашырылат, бул маселени чечүү үчүн ар кандай маданияттарда кеңири вариативдүүлүк болсо да. Эгер бир катар көчмөн элдерде түрдүү тарамдардагы 9-12 мурунку муундарды эсте тутуу ар-намыстын, абийирдин иши болсо, азыркы индустриалдык коомдо адам түз бабаларынын экиден ашык муунун гана сейрек эсинде сактайт.

*Инсан аралык мамилелер.* Башка адамдар менен мамилелерде теңдикке же иерархиялуулукка багыт алуу маданияттардын айырмаларынын критерийлеринин бири болуп саналат. Европалык моюн сунуу, баш ийүү, адамдын өз эркиндигинен баш тартуусу деп кабыл алган нерсе башка маданияттар үчүн сыйлуу жана таасирдүү адамдын жетектөө укугун таануу дегенди билдирет. Индивидуализмге же солидаризмге багытталуу Батышты чыгыш маданияттарынан көп жагынан айырмалап турат, муну кийинки баптарда кенен карайбыз.

*Байлык.* Материалдык байлык баалуулук катары бардык маданияттарга тийиштүүдөй көрүнөт. Бирок чындыгында ага мамиле өтө ар түрдүү жана байлыктын предметинин өзү чарбачылыктын мүнөзүнөн көз каранды. Көчмөн калктар үчүн маанилүү байлык – мал, отурукташкан дыйкан үчүн – жер, феодалдык коомдо индивиддин статусу жашоо мүнөзүндө көрсөтмө кылынган байлык менен түздөн-түз байланышкан.

Байлыкка мамиле көп жагынан социалдуулуктун үстөмдүк кылган факторунан көз каранды. Индустрияга чейинки коомдо көрсөтмөлүү байлык маанилүү роль ойногон, анткени анын ээлеринин кубатынын жана таасиринин, алардын жогорку тапка тийиштүүлүгүнүн кыйла айкын күбөлүгү

болгон. Байлык топтоо, ар кандай коомдо ушунчалык зарыл болгон, ээсинин статусун төмөндөткөн, эгер ал кийинки таратууга же жалпынын жыргалына колдонууга арналбаса. Акча байлыгына ээ катмарлар, соодагерлер менен сүткорлор — көбүнчө төмөнкү абройго ээ болушкан, өзгөчө сүткорлор башка адамдардын кыйналууларынан пайда тапкан адамдар катары [7, 374-387-бб.].

Индустриалдык коомдо абал радикалдуу өзгөрөт. Капитализмдин өсүшү менен так ошол топтолгон жана жашырылган, жүгүртүүгө салынган капитал, коомдук аң-сезимде эң чоң баалуулукка ээ болот. Ээсинин таасири жана кубаты капиталдын көзгө көрүнбөгөн каржылык агымдар боюнча кыймылынан көз каранды болот, ээси салыштырмалуу жупуну жашоо кечирсе да. Кыйла кийинки этапта, массалык өндүрүш доорунда жаңы бурулуш келет, көрсөтмөлүүгө өткөн кеңейтилген керектөө өсөт, мында товарлар менен кызмат көрсөтүүлөр аларга тийиштүү касиеттерден улам эмес, алар кымбат, б.а. оокаттуу адамдарга гана жеткиликтүү болгондуктан улам сатылып алына баштайт. Көрсөтмөлүү керектөөгө кайрылуу канааттануу гана апкелбей, байлардын статусун айланасындагылардын пикиринде жана мамилесинде жогорулатат. Бул тенденция престиждүү ысырапкорчулукка чукулдоодон канааттануу ала алышкан башка катмарларга да тарайт.

*Эмгек баалуулук катары.* Эмгек чарбалык гана мааниге ээ болбойт же социалдык мамилелерди аныктоочу фактор катары гана кызмат кылбайт. Эмгек маанилүү маданий баалуулук дагы. Бул элдик даанышмандыкта да, мораль менен идеологиянын кыйла татаал системаларында да дайыма катышат. Алсак, көптөгөн тилдерде окшош макалдар бар: «Мээнетиң катуу болсо, татканың таттуу болот» (же тескерисинче: «Жалкоонун жаны таттуу»). Көркөм адабиятта өзүнүн эмгекке мамилесин Вольтер чебер билдирген: «Эмгек бизден үч чоң балээни: зеригүүнү, бузукулукту жана жокчулукту алыстатат». Ырас, өзүнүн аксөөктүк чөйрөсүнүн рухунда ал биринчи орунга зеригүүнү койгон.

Албетте, башка баалуулуктар өңдүү эле эмгекке мамиле руханий же моралдык критерийлер менен гана аныкталбайт, а карама-каршылыктуу, көп жагынан башка факторлордон көз каранды, алардын ичинен төмөнкүнү бөлүүгө болот: а) өндүрүштүк, б.а. адамдын таптык статусу жана анын менчикке мамилеси, анткени ишкер менен жалданма жумушчунун өз абалын баалоосу кескин айырмаланышы мүмкүн; б) кесиптик, ал же бул кесиптин престижин камтыган; в) технологиялык, б.а. адамдын өндүрүштүн ал же бул кырына мамилеси (станокко, конвейерге, компьютерге), ал жогору кызыгуудан көңүл коштукка, керек болсо кастыкка чейин вариациялана алат.

Саналган параметрлер боюнча, эмгекке мамиле эзүүнүн, көз карандылыктын булагы, инсандык өнүгүүнү байлап-матаган жана жашоо күчтөрүн баскан фактор катары негативдүү да боло алары айкын. Байыркы Грекияда эле оор жана маанисиз эмгек кылуу маңдайына жазылган Сизиф тууралуу миф жаралган. Христиандык же мусулмандык бейиште адам эмгектен түбөлүккө бошотулган жана сезимдик же руханий кубанычтарга гана бата алат. Элдик жомоктордо көбүнчө ачкөздүгү жок, бирок боорукер, аңкоо, жалкоо дайыма түйшүктөнгөн жана сараң жандан көбүрөөк ийгиликке жетишет.

Ар кандай таптык дифференцияланган системада эмгекчилердин өз эмгегине субъективдүү кызыкпагандыгы зордоо менен алмашылат, ал түз зордоо мүнөзүн («таяктап», жазалоо коркунучу алдында иштетүү) же таза экономикалык зарылдык, б.а. денелик жансактоо. өз үй-бүлөсүн багуу мүнөзүн алып жүрөт.

Албетте, коомдук пайдасыз жана зыяндуу эмгек ишмердүүлүгү да, айрым адамдын же топтун, жамааттын кызыкчылыгына жооп берген, бирок жалпы коомдун кызыкчылыктарына каршы келген эмгек ишмердүүлүгү да бар. Ошондуктан эмгек ишмердүүлүгүн жөнгө салуу эмгектик багытталууларды моралдык мотивдер менен бириктирүүнү талап кылат.

Моралдык-баалуулуктук багытталууга кайрылуу — ийгиликтүү чарбалык өнүгүүнүн маанилүү өбөлгөсү. Ар кандай дүйнөлүк дин эмгекти колдойт, аны кутулуунун кыйла бийик баалуулуктарына багынтса да. Бирок эмгектин баалуулуктук экилтиктүүлүгү так мына ушундан өз чечилишин тапкан, анын негизги массасы коомдук маанилүү сфераларга багытталган. Так ушул коомдук пайдалуу эмгекти ыйыктантууда жана дайымкы пайдалуу ишмердүүлүктү стимулдоодо

диний реформациянын негизги жетишкендиги жатат. Бирок секуляризациянын шарттарында да эмгектин этикалык багытталуусу сакталып келет [8, 384-б.].

Эмгек жалданма эмгек же ишкерлик менен байланышканына жараша түрдүү мазмунга ээ болот.

Мындагы айырма адамдын өндүрүш системасындагы абалынан көп жагынан көз каранды. Жандуу эмгек керек болсо анын өнүккөн кесиптик формасында да адатта ишкерлик, бизнес менен салыштырмалуу төмөнкү статуска ээ болот. Бирок этикалык принциптер ушул бирдиктүү процесстин эки тарабына тең колдонмолуу. Жумушчудан акпейилдик, дисциплина, эпчилдик, кесиптик багытталуу талап кылынат.

Муну менен бирге ишкерликтин этикалык багытталуусу да зор мааниге ээ болот.

Эмгектин баалуулугуна түрдүү идеологиялык окуулар, баарынан мурда социалисттик, кеңири кайрылышат.

Эмпирикалык изилдөөлөрдөн эмгектеги баалуулуктук багытталуулардын мындай варианттарын табабыз:

- эмгек аркылуу адам курчап турган дүйнө (бүткүл космос) менен байланышка кирет, өзүнүн ички толгонууларынын жана ички дүйнөчөсүнүн алкагынан чыгат;
- эмгек – үй-бүлөнүн жана түздөн-түз айланадагылардын алкагынан тыш мамилелердин булагы, ал инсан аралык мамилелердин алкактарын байытат, адамды кыйла кенен жамааттын, катмардын, таптын мүчөсү кылат;
- эмгек баалуулуктун жалгыз болбосо да маанилүү булагы болуп саналат. Жумуш аркылуу адамдар топтук мамилелердеги жана иерархиядагы өз ордун аныкташат жана муну менен коопсуздук, тийиштүүлүк, өзүн баалоо, өзүнүн маанисин туюу сезимине, демек өз маңызынын маанилүү бөлүгүнө ээ болушат. Албетте, бул фактор социалдуулуктун түрдүү типтеринде жана түрдүү маданияттарда вариацияланат.

Иденттүүлүктүн булагы катары эмгек калктын чоң бөлүгү өнөржай өндүрүшүнө тийиштүүлүгүнө негизделген индустриалдык коомдо чоң мааниге ээ болот. Жумуштан айрылуу, жумушсуздук мындай коомдо жумушчулук иденттүүлүктү жоготууга апкелет, ал кырсык жана жеке кыйроо катары кабыл алынат.

Коомдун индустрияга чейинки жана постиндустриалдык типтеринде бул фактор азыраак маанилүү, анткени биринчи учурда туугандык, кландык, катмарлык, диндик иденттүүлүк үстөмдүк кылат, экинчисинде болсо – «жумушчу иденттүүлүктү» алмаштыруучу дифференциялуу жана ийкем түзүлүштөр түзүлөт;

- эмгек – милдеттүү ишмердүүлүктүн булагы, жеке жүрүм-турумдун регулятору жана организатору. Жумушсуз калып, адамдар бүткүл күндөрүн уйкуга же уйку-соодогу кыялдарга берилип, пассивдүү өткөрүшөт (А.Гончаровдун «Обломов» романындагы Илья Гончаровдун образын эстейличи). Жашоонун мындай мүнөзү өзүн баалоонун төмөндөшүнө же кырдаалдарга шылтаган компенсатордук өзүн актоо аракеттерине апкелет;
- эмгек чыгармачылык жөндөмдөр менен кесипкөйлүк көндүмдөрдүн өнүгүшүнө жардамдашат, бул өз жөндөмдүүлүктөрү менен сыймыктануу мүмкүндүгүн берет, ишенимдүүлүк жана коопсуздук сезимин жаратат;
- эмгек психологиялык мезгилди түзөт жана күндү-жылды-жашоону уюштурат. Албетте, бул түзүлүш көп жагынан маданияттын жалпы системасынан жана локалдык маданий чөйрөдөн көзкаранды болот.

Баалуулуктар коом үчүн өзгөчө маанилүү адаттардын, ченемдердин жана маанилердин кызмат кылуусун өзүнө багынтып, коомду регуляциялоонун кыйла ийкем деңгээлин түзүшөт. Мисалы, үй-бүлө же коңшу коомдоштук ээ болгон көнүмүштүн күчү жана күнүмдүк каражаттар менен бекемделген адаттагы ченемдер менен катар диний сакрализация же укуктук талап механизми аркылуу бийик санкция алышкан өзгөчө ченемдер да ажыратылышат. «Өлтүрбө», «уурдаба», «алдаба» ченемдери ыйык тыюулар болушкан, аларды бузуу адамды оор жазага, коомдон бөлүүгө же абийир азаптарына туш кылган. «Атаң менен энеңди урматта», «бир кудайга сыйын», «тер төгүп

эмгектен» эрежелерин тутунуу адамдын аброюн айланадагылардын жана анын өзүнүн көзүндө көтөргөн позитивдүү осуяттар болуп калышкан.

Баалуулуктар ченемдүүлүктүн механизмдерин өзгөртүп гана тим болушпайт.

Алар адам курчап турган дүйнөнү таанып билген маанилер системасын да принципиалдуу кайра курушат. Күнүмдүк деңгээлде экилтиктүүлүк дүйнөнүн бүткүл көп түрдүүлүгүнүн маанилүү мүнөздөмөсү катары чыгат: асман - жер, күн - ай, жарык - караңгы, күн - түн, эркек - аял, өйдө - төмөн, ысык - муздак ж.б.у.с. Предметтер менен процесстердин ушул оппозициялык башталмалары жана мүнөздөмөлөрү табияттагы, коомдогу жана адамдагы органикалык процесстерди камсыздоо үчүн бирдей зарыл катары чыгышкан. Күнүмдүк деңгээлде көп түрдүү маанилерди уюштуруунун негизги механизми оппозициялардын градациясы болуп саналат: бийик - орто - жапыс, күн - күүгүм - түн, ысык - жылуу - муздак, чоң - орточо - кичине, жаш - чоң - картаң ж.б.у.с. [9, 46-б.].

Анткен менен, айрым оппозициялык башталмалар градацияга кыйынчылык менен баш ийишет жана өзүнүн экилтиктүүлүгүн туруктуу сакташат: асман - жер, эркек - аял, күн - ай, өмүр - өлүм, жакшы - жаман ж.б.у.с. Бул оппозициялык башталмалар же предметтер менен процесстердин градуирленген мүнөздөмөлөрү табияттагы, коомдогу, адамдагы жалпы процесстин органикалуулугун жана үзгүлтүксүздүгүн камсыздоо үчүн бирдей зарыл катары чыгышат. Мифологияда алар витализацияга жана персонализацияга дуушарланышат да, өз ара дайыма шайкештикте же атаандаштыкта аракеттене алышат. Баалуулуктук принциптердин таасирине дуушарланып, градация же дуализм вертикалдуу түзүлүш алат – ал же бул элементтерге барктуулук менен маанинин түрдүү даражасын берген иерархиялык же уюлдук типтеги. Буга ылайык, бардык «бийик» жана «ачык» кыйла татыктуу статус алат. Бардык өнүккөн диндерде асман жерге караганда көбүрөөк «бааланат». Мифологиянын өнүгүүсүнүн айрым баскычында башкы кудайлар асмандык кылынат же асман өзү кудайлык мүнөз алат, Байыркы Кытайда болгондой. Баалуулуктук-семантикалык комплекс калыптанат: асман + өйдө + жыргалчылык + бийлик + колжеткистик + түбөлүктүүлүк ж.б.у.с. Өйдөдө, башкалардан бийик болуу башкарууну жана жыргалчылыктын бийик даражасына жетүүнү билдирет [10, 208-б.].

Керек болсо христиандык символикада да Кудай асманга жайгашкан. Буга ылайык кайдадыр жер алдында өлгөндөр падышалыгы жаткан, а дагы кыйла төмөн деңгээлде – Тозокто – жамандык менен өлүмдүн жүзөгө ашуусу катары Шайтан бийлик кылган. Башка экилтиктүү жуптар да, түрдүү деңгээлдерде болсо да, баалуулуктук ажыратууга дуушарланышат. Эгер мурда жарык караңгы менен алмашса, жана тескерисинче, өлүм өмүр менен кезектешсе, анда эми алардын ортосунда каршы туруу, атаандаштык жана келишкис күрөш пайда болот – «Түбөлүк жашоо» жана «Жарыктын салтанаты», «Жакшылык менен Чындыктын жеңиши» ж.б.у.с. үчүн.

Ушундай баалуулуктук оппозиция маданий талаада чыңалуу түзөт, анда субъекттин багытталуусу калыптанат. Адам дүйнөдө токулган карама-каршылыктарга бирдей мамиле кыла албайт, ал позитивдүү башталмага артыкчылык берүүгө тийиш:

- жакшылыкка, жамандыкка эмес; жарыкка, караңгыга эмес; чындыкка, жалганга эмес;
- сүйүүгө, жек көрүүгө эмес; өмүргө, өлүмгө эмес ж.б.у.с.

Ар кандай жетилген, туруктуу маданиятта баалуулуктарга жетишүүгө жана баалуулук эместерди адам менен коомдун турмушуна деструктивдүү башталма киргизген принциптер катары алыстатууга багытталууну киргизүүнүн түрдүү механизмдери калыптанышат. Албетте, мындай киргизүүнүн иштелип чыккан системасын ар кандай дин өзүндө жүзөгө ашырат («абийир – күнөө»). Секуляризацияланган сайын баалуулуктарды киргизүүнү баалуулуктук багытталуулардын кыйла маанилүү дифференциациясын жана аларды реализациялоонун жолдору менен каражаттарынын кыйла ийкем системасын мүмкүн кылган динден тыш маданият улам көбүрөөк өзүнө алат.

Ошентип, социалдык баалуулуктар системасы: адамдар, жашоо күчтөрү менен жөндөмдөрүнүн, социалдык маанилүү ишмердүүлүктүн бирдигиндеги адам өмүрү; адамдардын бардык муундары түзгөн предметтик жана идеялык дүйнө, - материалдык жана руханий маданият; адамдардын коомдук байланыштары, коомдук мамилелердин бардык формалары, адамдардын социалдык бүтүн системага жана ошол системаны түзгөн жана социалдык регуляцияны

камсыздашкан коомдук институттарга (цивилизация доорунда – мамлекет ж.б. социалдык институттар); социалдык жалпылыктарга (ассоциациялар), улуттук-этникалык жалпылыктарга уюмдашуулары.

Баалуулуктар өзүнүн жалпы кабылдануу жана абстракттуулук деңгээли менен айырмалана алышат. Биздин күнүмдүк турмушта кездешкен конкреттүү баалуулуктарды жана адам жашоосунун кыйла терең маанисин ачышкан абстракттуу баалуулуктарды ажыратууга болот. Конкреттүү баалуулуктарды эки аспектте кароого болот: «күнүмдүк» баалуулуктар катары, же адам жашоосу менен ишмердүүлүгүнүн түрдүү сфералары, мисалы, анын эмгеги, үй-бүлөлүк турмушу, андан ары окуусу, бош убактысын өткөрүүсү, үй чарбачылыгы ж.б.у.с., жана ишмердүүлүктүн мүнөзү, анын мезгилде бөлүштүрүлүшү, денелик чөйрө, башка адамдар менен мамилелер, перспективалар жб. өңдүү ар бир жашоо чөйрөсүнүн айрым элементтери.

Абстракттуу баалуулуктар өз кезегинде жеке, инсандын каалоолору жана максаттары менен байланышкан, мисалы, мүмкүнчүлүктөрүн реализациялоо, престиж, сыйлоо, бийлик, этикалуулук, боло алышат да, социалдык топтор жана алардын инсан кабыл алган идеялары менен байланышкан жалпы социалдык (мисалы, социалдык байгерчилик, прогресс, согуш жана тынчтык, индивиддин социалдык теңдиги жана анын эмгектин тышкы шарттарынан, социалдык чөйрөдөн, эмгек акыдан, социалдык кепилдиктерден, мансап мүмкүнчүлүктөрүнөн ж.б. турган жалпы жумушчу кырдаалы) боло алышат. Ушундайча кабыл алынган эмгекти адам жашоосунун башка сфералары, мисалы, үй-бүлөлүк турмуш, окуусун улантуу, коомдук же саясий ишмердүүлүк, эс алуу менен салыштырууга болот.

Ошентип, баалуулуктар, коомдун жана социалдык топтордун жашоо ишмердүүлүгүнүн жемиши болуп саналып, ар бир конкреттүү субъекттин инсандык түзүмүндө өзгөчө орун ээлешет. Баалуулуктар индивидуалдуу жашоо ишмердүүлүгүн социумдун жашоо ишмердүүлүгүнө жуурушат.

Маданияттын баалуулуктарын өздөштүрүүнүн тандалмалуулугу инсандын баалуулуктар системасынын индивидуалдуулугун жана уникалдуулугун камсыз кылат, бул өз кезегинде инсандын өзүнүн кайталангыстыгын жана өзүнчөлүктүүлүгүн аныктайт.

Баалуулук дүйнөсүнүн мына ушундай көп кырдуулугу, татаалдыгы азыр гуманитардык илимдерде өзгөчө мааниге ээ болуп отурат. Артыкча көркөм адабиятта адамзатка тийиштүү баалуулуктар ар кыл аспекттерде чагылтылган. Демек, көркөм адабияттагы баалуулуктар системаларын изилдөө, же көркөм адабияттын баалуулуктун маңызын, мазмунун ачуу азыр адабияттаануунун астында турган орчун милдеттердин бири. Биз XX кылымдагы кыргыз адабиятына ушул өңүттө изилдөө жүргүзүү кыргыз адабияттаануусу үчүн жаңы мейкиндиктерди ачат деп терең ишенебиз.

Пайдаланылган адабияттар:

1. Канке, В.А. Философия. Исторический и систематический курс. – Москва: Логос, 1998
2. Кыргыз Совет Энциклопедиясы. 1-том. – Фрунзе: Кыргызполиграфкомбинаты, 1976
3. Манхейм, К. Избранное: Социология культуры / Антология исследований культуры. - Санкт-Петербург: Университетская книга, 2000
4. Лавренова, Т.И. Социология культуры в парадигме современного гуманитарного знания // Социальные науки: история, теория, методология. - М., 2000. - Вып. 1. - С. 38-46
5. Арефьева, Г.С. Общество как обүект социально-философского анализа. – Москва: 1995
6. Леонтьев, Д.А. Ценностные представления в индивидуальном и групповом сознании: виды, детерминанты и изменения во времени. - Москва: 1993
7. Риккерт, Г. О системе ценностей. Науки о природе и науки о культуре. – Москва: Республика, 1998
8. Кравченко, А.И. Социология: учебное пособие для студентов высших учебных заведений. – Екатеринбург: Деловая книга, 1998
9. Филатова, О.Г. Социология культуры : Конспект лекций. – Санкт-Петербург: Михайлов, 2000
10. «Небо» // Мифы народов мира. – Москва: 1982, Т.2.